DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Маматова А.А., Ибраимов Б.З.*

# ӨЛКӨДӨГҮ МИГРАЦИЯНЫН КҮЧӨШҮ ЖАНА ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕК БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫНЫН КОРГОЛУШУНА ТИЙГИЗГЕН ТЕРС ТААСИРЛЕРИ

*Маматова А.А., Ибраимов Б.З.*

# УСИЛЕНИЕ МИГРАЦИИ В СТРАНЕ И ЕЕ НЕГАТИВНОЕ ВЛИЯНИЕ НА ЗАЩИТУ ПРАВ НЕСОВЕРШЕННОЛЕТНИХ

*A.A. Mamatova, B.Z. Ibraimov*

# INCREASED MIGRATION IN THE COUNTRY AND ITS NEGATIVE IMPACT ON THE PROTECTION OF THE RIGHTS OF MINORS

*УДК: 34.343*

*Макалада өлкөдөгү калктын турмушунун абалы, ички, тышкы миграциянын өсүүсү жана бул көрүнүш жашы жете элек балдарга тийгизген терс таарсилери каралат. Ошондой эле, миграциянын өсүүсү үй-бүлөдөгү мамилелердин туруксуздугуна жана бул туруксуз абалдан улам үйдөгү уруш-талаштын жаралышы, бул жаңжалдарга жашы жете элек балдардын күбө болушу жана ошол үй-бүлөдөгү уруш-жаңжалдардын балдардын келечегине тийгизген терс таасирлери ошондой эле, миграциянын натыйжасында балдардын зордук-зомбулукка кабылып, укуктарынын бузулушуна баа берилет. Мындан сырткары үй-бүлөдөгү ата-энелер социалдык-экономикалык аладарын жакшыртуу менен алек болуп, жашы жете элек балдарга жетиштүү маани берилбей калышы, көз жаздымда калган балдардын интернет түйүндөрүндөгү ар кандай оюндарга берилип кетиши жана ал интернет оюндарынын жашы жете элек балдардын психологиясына, ден-соолугуна тийгизген терс таасирлери, ушул интернет оюндарынын терс таасирлеринен кулк мүнөзү, тарбиясы бузулган жашы жете элек балдардын өз теңдештерине карата жасаган орой мамилелери каралат.*

***Негизги сөздөр:*** *миграция, демография, депрессия, экономика, стресс, этникалык, нерв, гормон, кортизол, конвенция, Преамбула, ресурс.*

*В статье рассматривается состояние жизни населения в стране, рост внутренней и внешней миграции и негативные последствия этого явления для несовершеннолетних. Кроме того, рост миграции обусловлен нестабильностью отношений в семье и возникновением ссор в семье из-за этой нестабильности, свидетелями этих конфликтов являются несовершеннолетние дети, и негативное влияние этих семейных ссор на будущее детей также оценивается нарушение прав детей, подвергшихся насилию в результате миграции. Кроме того, родители в семье заняты улучшением социально-экономического положения, не уделяют должного внимания несовершеннолетним, наблюдается зависимость детей от различных игр в сети интернет и негативное влияние этих игр на психологию и здоровье несовершеннолетних, грубое отношение несовершеннолетних со сверстниками, у которых из-за этих интернет-игр нарушается нравственность, воспитание.*

***Ключевые слова:*** *миграция, демография, депрессия, экономика, стресс, этническая принадлежность, нерв, гормон, кортизол, конвенция, Преамбула, ресурс.*

*The article examines the state of life of the population in the country, the growth of internal and external migration and the negative consequences of this phenomenon for minors. In addition, the increase in migration is due to the instability of family relations and the emergence of quarrels in the family due to this instability, these conflicts are witnessed by underage children, and the negative impact of these family quarrels on the future of children is also assessed by the violation of the rights of children who have been subjected to violence as a result of migration. In addition, parents in the family are busy improving the socio-economic situation, do not pay due attention to minors, there is a dependence of children on various games on the Internet and the negative impact of these games on the psychology and health of minors, the rough attitude of minors with their peers, who because of these Internet games violate morality, education.*

***Key words:*** *migration, demography, depression, economy, stress, ethnicalyk, nerve, hormone, cortisol, convention, Preamble, resource.*

Ар бир үй-бүлө өзүнчө бир кичинекей мамлекет, ушул кичинекей үй-бүлөлөрдүн курамы чоң бир мамлекетти түзөт. Демек ар бир үй-бүлөнүн экономикалык алабы мамлекетин экономикалык абалын чагылдырат. Мындан улам үй-бүлөнүн турмуш абалына карап эле ошол мамлекеттин экономикалык абалын айтууга болот. Ал эми биздин өлкөдөгү кайсы гана үй-бүлөнү караба экономикалык көйгөйлөргө толгон. Социалдык абалы начар жана өтө начар үй-бүлөлөр да четинен чыгат. Бул абалдын эң негизги себептеринин бири эле бул өлкөдөгү жумуш орундарынын жоктугу, айлык маянанын аздыгы.

Ар бир инсан эс тарткандан тартып эле жакшы жашоого, социалдык абалын жакшыртууга аракеттенип келет. Ушундай эле көрүнүш биздин өлкөнүн жашоочуларында да болуп келет.

1991-жылы Кыргызтан эгемендүүлүктү алуу менен өлкөдө көп жагдайлар өзгөргөн. Кыргызстан саясий жана экономикалык эркиндикке ээ болгон. Ошондой эле, жарандардын да чет өлкөлөргө чыгуу, кирүү кыймылдары жүрүп, өлкөдө ички жана тышкы миграция өсө башталган. Кыргызстандагы миграциянын

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



жүрүшүн эки мезгилге бөлүп кароого болот. Биринчиси демографиялык мезгил эсептелип, анын негизги себеби этникалык маселелер болуп, башка улуттун өкүлдөрүнүн өз мекендерине кайтуусу саналган. Ал эми экинчиси экономикалык миграция болуп, жарандар жашоо шартын, социалдык абалын жакшыртуу жана экономикалык пайда табуу максатында жашоо ордун түбөлүккө же убактылуу которуусу саналат. Эгемендүүлүктү алгандан кийин өлкөдө өндүрүш тармактары начарлап, дээрлик баардык өндүрүштүк иш каналар иштебей, көптөгөн жумуш орундары жоюлган. Бул жагдай өлкөдөгү массалык жумушсуздукка алып келген. Өлкө жарандары үй-бүлөсүн материалдык жактан камсыз кылыш үчүн жумуш издеп башка өлкөлөргө чыгууга аргасыз болушкан. Акыркы жылдары Кыргызстандын жарандары жумуш издеп башка өлкөлөргө чыгуусу өскөн. Башкача айтканда болжол менен өлкө калкынын 20%дан ашууну башка өлкөлөрдө мигрант болуп эмгектенет.

Мигранттар үй-бүлөсүн материалдык жактан камсыздап, өлкөгө экономика жактан салмактуу киреше алып келгени менен миграциянын тийгизген терс таасирлери да өлкөдө аябай көйгөйлүү жагдайларды жаратып жаткандыгы талашсыз. Бүгүнкү күндө бул көйгөлөрдүн эң бир опурталдуусу болуп жашы жете элек балдарга карата көрсөтүлүп жаткан зордук-зомбулук жана алардын укуктарынын бузулуусу. “Бул көйгөйгө миграция кандай терс таасирин тийгизүүсү мүмкүн” - деген суроо жаралышы мүмкүн. Өлкөнүн кайсы аймагын алып карабайлы ар бир үй-бүлөдө эң аз дегенде бирден, экиден киши мигрант болуп башка өлкөлөрдө жүрүшөт. Бул мигранттардын көбү жаш үй-бүлөдөгү ата-энелер.

Ар бир адам баласы үчүн эң бир кымбат, эң бир ыйык адам бул ата-эне, ал эми ата-эне үчүн бул бала. Бала үчүн ата-эне Жараткан тартуулган чексиз мээримдүү, бакыттын куту, бейпилдик жана шаттыктын булагы болгон улуу зат. Демек бала үчүн кам көрүп, аны баардык терс таасирлерден коргоп, коомдогу эркиндигин жана укуктарынын корголушун камсыз кылган адам бул-ата-эне. Адам баласы жашы улгайып, өзү ата-эне болуп калса да ата-эненин орду өзгөчө болуп, жашоосун туура нукка салуу үчүн дайым ата-эненин кеп-кеңештерин угуп, алган кеңештерин жашоодо колдонуп келет. Ал эми жаш жана жашы жете элек балдар үчүн ата-эненин ордун эч ким, эч нерсе алмаштыра албайт. Ата-энелердин үй-бүлөнү материалдык жактан камсыз кылууга, баланын жакшы жашоосу жана жаркын келечеги үчүн жан күрөп аракет кылышы табигый көрүнүш. Бирок ушул максатта башка өлкөгө миграцияга кеткен ата-энелердин балдары жакшы жашоо, жаркын келечек эмес тескерисинче жашоодо зордук-зомбулуктарга кабылып, укуктары бузулуп, өмүр бою майып болуп, а түгүл өмүрлөрүн да кыйылган учурлар акыркы күндө көп кездешип, эң көйгөйлүү маселелерден болуп жатат. ЮНИСЕФ уюмунун маалыматы боюнча балдардын 73% үй-бүлөдөгү ташбоор жана тоотпогон мамиледен жапа чексе, 83,5% мектептеги зомбулукка кабылып келет. Өтө көп балдар үйдө, альтернативдик мекемелерде, мектептерде жана абактарда зомбулуктун түрдүү формаларынын курмандыгы же күбөсү болуп калууда. Мектептердеги мугалимдер же башка балдар тарабынан опусолоого душар болгон балдар, сабактарды калтырып, мектепти таштоого барып жатышат. Мектептеги зомбулук жана рэкетчиклик өлкөдөгү жаштар арасында зордук-зомбулуктун санынын өсүүсүнүн бирден-бир себеби, мунун натыйжасында окуучулар арасында өз өмүрүн кыйган учурлар катталууда. Өлкөдөгү жашы жете элек балдарга карата сексуалдык зордук-зомбулуктун өсүүсү бул багытта өтө дыккат көңүл бурууну талап кылууда. Зордуктоону жаап-жашыруу жана сексуалдык зомбулуктун курмандыгы болгон балдарды аныктоо жана коргоо механизимдеринин өнүкпөгөнү жана анчалык адекваттуу эместиги, жапа чеккен балдардын түз даттануу механизмдеринин жоктугу жана сексуалдык зомбулуктун курмандыгы болгон балдарга карата психологиялык жардамдардын начардыгы балдардын коргонуу укугунан ажыратууда. Жогорудагы бул жагдайлар балдардын келечегин бир отоло талканып калуусуна түрткү болуп жатат. Ошондой эле бейөкмөт уюмдар Кыргызстанда балдар укуктары көп бузулуп жатканына кабатырланып, бул жаатта жетиштүү чаралар көрүлбөй жатканын айтып, кыргыз өкмөтүн сынга алып келет.

Эмгек мигранттарынын балдары адатта чоң ата-чоң энелеринин, туугандарынын үйүндө же интернаттык мекемелерде жашап, тарбияланууда. Бул болсо аларга карата ташбоор мамиле жасалат жана муктаждыктары көңүл сыртында кала берет деген тобокелдикти күчөтүүдө. Ал эми акыркы күндөрү бул божомолдоолор тастыкталып, эмгек мигранттарынын балдары көп зордук-зомбулукка кабылып жаткандары факт түрүндө көп катталып жатат. Эгер маани берип карай турган болсок зордук-зомбулукка кабылган, укуктары бузулган жашы жете элек балдар-кыздардын басымдуу бөлүгү энесиз же энеси башка шаарда, башка өлкөдө мигрант болуп жүргөндөр. Мындан улам эненин баланын коопсуздугунда, укуктарынын корголушунда башкаларга алмаштыргыс орду бар экенин тана албайбыз. А азыркы учурда биздин өлкө-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



дөгү энелердин басымдуу бөлүгү чет өлкөлөрдө мигрант болуп эмгектенип жатышат. Туура, үй-бүлөдө атанын орду өзгөчө ыйык, бийик жана алмаштыргыс. Бирок кыргызда макал бар эмеспи “Ата сырткы тон” - деп, демек эненин ордун толтуруу ата үчүн кыйын. Себеби эне ар бир баланын кареги менен тең айланып, ар бир баланын ичинде эмне болуп жатканын айтырбай, алдын ала билип, алдына алып кам көрүп турчуу зат. Азыркы күндө жашы жете элек балдарга мына ушундай эненин камкордугу аз болуп, мунун натыйжасында жашы жете элек балдар-кыздардын укуктары бузулуп, кызыкчылыктары корголбой калып жатат.

Баарыбызга белгилүү болгондой эле баланын тарбиясы үчүн үй-бүлөнүн, ата-эненин, үйдөгү атмосферанын таасыри өтө чоң. Башында айтып өткөндөй ар бир үй-бүлө өзүнчө бир кичинекей мамлекет. Мамлекетти башкарууда система талап кылынгандай эле үй-бүлөнү башкарууда, баланы тарбиялоодо да өзүнчө бир система талап кылынат. Байыртадан эле үй-бүлөнү башкаруу, балдарды тарбиялоо жазылбаса да элибиз арасында үрп-адат, каада-салт, диний түшүнүктөр менен жолго коюлуп келген. Азыркы күндө миграциянын күчөшү менен ошол калыптанып келген система жоголуп, балдардын тарбиясына жакшы көңүл бөлүнбөй калды. Мунун натыйжасында жашы жете элек балдар өздөрүнөн улуу муундардан эле зомбулуктарга кабылбастан өзү теңдүү жүрүм-туруму, тарбиясы начар балдардан да зомбулуктарга кабылып, өз жандарын кыюуга чейин барышууда. Мындай көрүнүштөргө жашы жете элек балдардын үй-бүлөдө көз жаздымда болуп, интертен жебелеринен ар кандай балдардын психикасына терс таасирин тийгизүүчү оюндарды көп ойноп, ал нерселерди турмушта кайталап да жаткандары баарыбызга белгилүү. Себеби интернеттеги ар кандай мыкаачылыкты көрсөткөн оюндар балдардын психологиясына терс таасирин тийгизип, ал мыкачылыктарды оюндарда көп ойногондуктан баланын психикасына сиңип ал бала үчүн кадимки көрүнүш катары эсептелип, жашоодо да андай эле корунучтуу эместей сезилип калат. Бул тууралуу психолоктор да “Бул маселе глобалдуу десек да болот. Компьютеризация жана мобилизация жакшы. Бирок, балдарга интернеттин пайдасына караганда зыяны көбүрөөк. Интернеттеги зордук-зомбулук жөнүндөгү оюндар балага терс таасирин тийгизет. Ошол менен катар эле баланын өсүүсүнө да зыяны бар. Азыр көп балдар таң атканча интернет оюндарында отурушат. Мындан баланын уйкусу бузулат. Уйкусу жакшы канбаган балада психологиялык агрессия пайда болот. Бала ата-энесине, жоро-жолдошторуна оройлугун көрсөтөт. Мына ошондон улам пикир келишпестиктер жаралат. Интернет оюндары балдарда стресс, депрессия, нерв ооруларын пайда кылат”, - деп билдиришет. Демек биз күнүмдүк муктаждыктарды кандыруу менен алек болуп, балдарыбыздын, бүтүндөй мамлекет, коомубуздун талкаланып жатканына маани бербей жатабыз. Ошондой эле, үй-бүлөдөгү байыртадан келген улуулуктун жоголушу, үй-бүлөдөгү жубайлардын бири-бирине болгон мамилелеринин бузулушу, ата-эненин перзентке, перзенттин ата-энеге болгон сый-урмат, меримдүүлүктүн жоголушу, адамдык сапаттардын төмөндөшү бүгүнкү күндө жашы жете элек уул-кыздарга карата үрөйдү учурган көрүнүштөрдүн болуусуна алып келүүдө. Өз баласынын денесине оор залал келтирүү, өз кызын зордуктоо сыяктуу айбан жасабаган жоруктар адам баласы тарабынан жасалып, биздин өлкөдө катталып жаткандагы өтө аянычтуу.

Ошондой эле миграциянын натыйжасында үй-бүлө мүчөлөрү узаак убакыт бири-биринен узакта болуп, мунун натыйжасында үй-бүлөдө туруксуз, түгөйлөрдүн ортосунда ишенишсиз мамиле жаралып келет. Бул үй-бүлөдөгү уруш-жаңжалдын көбөйүшүнө алып келип жатат. Үй-бүлөдөгү уруш-жаңжалдын көп болушу, балдардын ага күбө болушу жашы жете элек балдардын кийинки турмушуна өтө чоң залакасын тийгизүүдө. Көптөгөн жашы жете элек балдар-кыздар үй-бүлөдөгү уруш-жаңжалдын курмандыгы да болуп калышууда. Үйдөгү жаңжалдар баланын акыл-эсинин калыптанышына, ден-соолугунун чың болушуна терс таасирин тийгизет.

Британия жана бир катар өлкөлөр атайын иликтөөлөрдү жүргүзүлүп келген. Иликтөөдө балдардын жүрүм-туруму узаак мезгил байкоого алынган. Иликтөөнүн натыйжасында баланын алты айлык ымыркай кезинен тартып эле үй-бүлөөдөгү жаңжал учуранда жүрөгүнүн согушу өзгөрүп, стресс гормону болгон кортизолду иштеп чыгаруусу далилденген. Көп жаңжал болгон үй-бүлөдө өскөн ар кандай жаш курактагы баланын баш мээсинин өнүгүүсүнүн бузулушу, тынчсыздануу, депрессия, жүрүм-турумундагы көйгөйлөр сыяктуу олуттуу маселелер пайда болот. Уруш-талашсыз жакшы, стабилдүү үй-бүлөлөрдө өскөн балдарда мындай көйгөйлөр жок, болсо да чанда гана кездешет. Мындан улам үй-бүлөдөгү уруш-талаш, зордук-зомбулук, чөйрөдөгү терс көрүнүштөр жашы жете элек баланын келечегине терс таасирин тийгизип, чоң коркунуч жаратат деген тыянакка келебиз. Себеби көп уруш-жаңалдарга күбө болуп, зордук-зомбулукка кабылган балдардын психикасына ошол жаман көрүштөр сиңип, көнүмүш адатка айланып калышы

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



мүмкүн. Бала келечекте өзү көргөн зордук-зомбулукту башкаларга да жасап, зордук-зомбулук муундан-муунга өтүшү ыктымал. Бул көрүнүш өлкөбүздүн келечеги үчүн өтө чоң коркунуч жаратат. Демек биз балдарыбыздын, өлкөбүздүн келечеги үчүн мындай опурталдуу көйгөйлөрдү тезинен чечүүбүз зарыл.

Жогорудагы жагдайлардан улам балдардын коопсуздугун камсыздоо, укуктарын коргоо максатында мамлекеттик деңгээлде да иш-чаралар жүргүзүлүп келет. Негизинен балдардын укуктарын коргоо боюнча Бириккен Улуттар уюму тарабынан 1989-жылы 20-ноябрында “Балдардын укуктарын коргоо жөнүндө конвенция - Преамбула” кабыл алынган жана ал 1990-жылы сентябрь айынан тартып күчүнө кирип иштей баштаган. Биздин өлкөдө балдардын укуктарын, кызыкчылыктарын коргоо максатында 2020-жыл мамлекет башчыбыз тарабынан “Региондорду өнүктүрүү, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо” - жылы деп жарыяланышы да жөн жайдан эмес. Бул да болсо биздин келечегибиз болгон жана жалпы Кыргызстандын калкынын 40%зын түзгөн балдарыбыздын коопсуздугун камдап, укуктарын коргоо максатында жүргүзүлгөн аракеттердин бири. Балдардын укуктарынын корголушу үчүн Кыргызстандын мындай мамлекеттик деңгээлде жүргүзүлүп жаткан иш чараларын ЮНИСЕФ уюму да жогору баалап көп көмөк көрсөтүп келет.

Кыргызстандагы жашы жете элек балдардын укуктарынын корголушун камсыздоодо балдардын укуктарын коргоо боюнча эл аралык уюм-ЮНИСЕФ көп алгылыктуу иш-чараларды аткарып келет. Балдарды коргоо жана алардын укуктарынын бузулушун болтурбоо максатында ЮНИСЕФ уюму тарабынан Өкмөткө туруктуу система түзүүгө жардам берип келет. Буга кошумча ЮНИСЕФ Өкмөт менен балдарды тарбиялоо боюнча ресурстук борборлорду түзүү жана балдарды тарбиялоо боюнча туруктуу программаларды жайылтуу аркылуу аларды позитивдүү жана зомбулуксуз тарбиялоонун үстүнөн иштеп келет.

Кыргызстанда балдарга ташбоор мамиле жана зордук-зомбулук кеңири жайылган көрүнүш бойдон кала берүүдө.

Бул өзүнө мектептерде, үй-бүлөдө, интернаттык мекемелерде жана башка жерлерде зордук-зомбулукту камтыйт. Ырайымсыз мамиле жана зордук-зомбулук өзүнө коркутууну, адам сатууну, ошондой эле күч колдонуп жазалоону камтыйт. Мигранттардын балдары зордук-зомбулуктун, катаал мамиленин алдында өзгөчө аярлуу жана кароосуз калышууда. Анткени аларды көп учурда талаптагыдай колдоосуз жана көзөмөлсүз жалгыз калтырышат же интернаттык типтеги мекемелерде кармашат. Бул күнгө чейин зомбулуктан жана катаал мамиледен жабыркаган балдар үчүн системалуу колдоонун жоктугунан улам бул маселелер чечилбей келген.

Сексуалдык зомбулук Кыргызстандагы балдар үчүн тынчсыздануунун негизги себеби болуп эсептелет. Балдарга адатта коргоо жетишпейт. Эгерде алар даттангысы келсе, добуш укугун берчү жол-жоболор же аспаптар болбойт. Ошол эле маалда тартип коргоо органдарынын аракетсиздиги жана сексуалдык зомбулукту жашыруу мындай кылмыштардын басымдуу бөлүгү катталбайт дегенди билдирет. Миндеген кыздар гендердик зомбулуктан, эрте никеден жана кыздарды турмуш курууга мажбурлаган ала качуудан жапа чегишүүдө.

Интернаттык мекемелерди башкаруу жана каржылоону кайра карап чыгуу, фостердик үй-бүлөлөрдүн ишенимдүү системасын жана социалдык стандарттарды киргизүү максатында ЮНИСЕФ балдарга кам көрүү системасын реформалоону колдойт. Балдар жөнүндө кодекстин жаңы версиясы күчтүү “гейткипинг механизмдерин” түзүүдө, алар болсо балдарды үй-бүлөсүнөн ажыратууну алдын алууга жардам берет. Баланы интернаттык мекемеде туруктуу жайгаштыруу жөнүндө чечимди азыр сот кабыл алышы керек жана өтө сейрек учурларда гана мындай чечим чыгышы керек. Биз үй-бүлө мүчөлөрүн бири-биринен ажыратууну болтурбоонун үстүнөн иштеп жатабыз жана бул мүмкүн болгон жерлерде үй-бүлөлөр чогуу болушуна аракет жасайбыз. Ошондой эле биз балдарды интернаттык мекемеге жайгаштырууну болтурбоого аракет жасап келебиз. ЮНИСЕФ 62 муниципалитетте оор турмуштук абалда калган балдар үчүн кейс-менеджмент боюнча жөнгө салууну иштеп чыгып, аткара баштады.

ЮНИСЕФ жашы жете электер үчүн сот адилеттигине тең укуктуу жеткиликтүүлүктү жайылтып келет. Балдардын мүмкүн болгон учурларда жазык сот системасынан коруу максатында ювеналдык юстицияга жиберүүдө прогресс бар. Бул реформалар 2005-жылдан 2014-жылга чейин жашы жете электерге карата абакка кесүүлөрдү 84 пайызга кыскартууга алып келди. ЮНИСЕФтин балдарга аяр мамиле жасаган соттор боюнча долбоору ушунчалык ийгиликтүү болгондуктан, мамлекеттик бийлик органдары бул долбоорду өлкө боюнча жайылтууну чечишти. ЮНИСЕФ колдоого алган 2016-жылдагы реформа мыйзам менен тил табыша албаган ар бир баланын – кордук көргөн, күбө болгон же шектелген баланын атайын бөлмөлөрдү кошкондо балдар үчүн ыңгайлаштырылган акыйкат процесске укугун кепилдейт. Ал эми мыйзам менен байланышта турган балдарга акысыз юридикалык жардам кепилденген.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Бирок биз ар бир жаран, ар бир ата-эне, бир тууган, чоң эне – чоң ата материалдык муктаждыктарды кандыруу максатында жүрүп, балдарыбыздын коопсуздугун, кызыкчылыктарынын, укуктарынын корголушун көз жаздымда калтырып жаткандайбыз. А бул жагдай мамлекеттик деңээлде канчалык көп иш-чаралар болбосун өз максатына жетүүсүдө тоскоолдуктарды жаратууда. Ошондуктан жогорудагы көйгөйлөрдү жоюуда, жашы жете элек балдардын коопсуздугун сактап, укуктарынын корголушун камсыздоодо ар бир ата-эне, бир тууган, ар бир жаран жапырт аракет кылып муундун, өлкөнүн келечегин сактап калуубуз керек.

**Адабияттар:**


1. Сулайманова Б.Б. “Кыргызстандын тышкы миграциясынын динамикасы жана анын себептеринин анализи”. 2017.
2. unicef.org/Kyrgyzstan/ky/
3. www.stat.kg
4. https://www.azattyk.org
5. Тажибаев Д.У., Ибраимов Б.З., Утанов К.К. Задачи трудового законодательства и правовое регулирование трудовых отношений. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2015. №. 12. С. 119-122.
6. Базарова Г.Ы. Последствия современной миграции населения в Кыргызстане. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2015. №. 8. С. 11-13.